карашымча, акындын поэзиясындагы руханий жалгыздык концепциясы адамдардын ички дүйнөсүн жана экзистенциалдык суроолорду изилдөөгө түрткү берет. Жаратылыш менен болгон байланышы аркылуу адамдын жалгыздыгы гана эмес, ошондой эле ал жаратылышка, коомго жана өзүнүн ички абалына болгон көз карашын да кеңейтет.

Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларында чагылдырылган философиялык мотивдер коомдук маселелерди, руханий изденүүлөрдү жана инсандык өсүүнү карап чыгуу аркылуу кыргыз поэзиясынын байлыгын жана көп кырдуулугун көрсөтөт. Бул аспектилер бүгүнкү күндө да актуалдуу болуп саналат, анткени биз замандашуу, технологиянын өнүгүшү жана социалдык көйгөйлөрдүн өсүшү менен байланышкан терең ойлонууга муктажбыз. Ошентип, Арстанбек Буйлаш уулунун поэзиясы окурмандарга терең рефлексияга чакырат жана өз ара байланыштарды изилдөөгө жардам берет. Анын чыгармалары аркылуу биз руханий жалгыздыкты, жаратылыштын кооздугун жана адамдын ички абалын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алабыз.

Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармалары бүгүнкү күндө да актуалдуу. Алар коомдук көйгөйлөрдү чагылдыруу менен гана чектелбестен, ошондой эле, адамдын руханий өсүшүнө жана инсандык өнүгүүсүнө да көмөктөшөт. Анын философиялык мотивдери жана социалдык маанилери адамдардын жашоосундагы терең маңыздарды түшүнүүгө түрткү берет, бул болсо замандын талаптарына жооп берген философиялык поэзиянын маанилүүлүгүн айгинелейт.

**Адабияттар:**


1. Байсалова, Н. Арстанбек Буйлаш уулунун философиялык поэзиясы [Текст] / Н. Байсалова. Китепте: Кыргыз адабиятынын мурастары. - Бишкек, 2020.
2. Токтосунова, А. Кыргыз поэзиясында руханий жалгыздык: Арстанбек Буйлаш уулу мисалында [Текст] / А. Токтосунова // Адабият таануу. - 2019.
3. Сатыбалдыев, Э. Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармаларындагы социалдык контекст [Текст] / Э. Сатыбалдиев // Кыргызстандагы адабият жана коом. - 2021.
4. Абдразаков, А. Кыргыз поэзиясынын философиялык аспекттери: Арстанбек Буйлаш уулу [Текст] / А. Абдразаков // Философия жана адабият. - 2018.
5. Насирова, Г. Жаштардын социалдык ролу: Арстанбек Буйлаш уулунун көз караштары [Текст] / Г. Насирова // Социалдык илимдер. - 2022.


DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-221-230
УДК: 811.512.154+911

***Акматов Н. Р.,*** *филол. илимд. канд.*
*nurbek_akmatov_76@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-9026-573X*
***Рысбекова Н. Р.,*** *магистрант*
*nurzadarysbekova205@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-8667-0796*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# ЫЙЫК ЖЕРЛЕРГЕ БАЙЛАНЫШКАН ЖЕР-СУУ АТТАРЫ

*Макалада Ысык-Көл облусундагы стихиялык түрдө келип чыккан көп сандаган сакралдык жер-суу аталыштары талдоого алынып, алардын кайсы мезгил-доорлорго тиешелүүлүгү, кимдер тарабынан аталып, кандай себептерге байланыштуу келип чыккандыгы тууралуу сөз болот. Кыргыз эли байыркы мезгилдерден бери табиятка аяр мамиле жасап, табият менен адам ажырагыс бүтүн нерсе экендигин баамдашканы, аларды*

*өз турмушундагы кеп ишмердигинде колдоно билишкени баса белгиленет. Табынып-сыйынуучулукка байланыштуу символикалык ат берүүнүн күчтүүлүгүнө да баа берилет. Аймактардагы адабияттардан алынган жана жергиликтүү эл тарабынан ыйык эсептелген жер-суу аталыштары тилдик-маданий багытта талдоого алынып, баяндалат.*

*Бул сунуш кылынып жаткан макала ушул темада мурда жарык көргөн эмгектердин уландысы катары эсептелип, аларда айтылган көз караштарды, идеяларды толуктайт жана тереңдетет.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *топоним, гидроним, ыйык, мазар, коргон, мифоним.*

***Акматов Н. Р.***, *канд. филол. наук*
*nurbek_akmatov_76@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-9026-573X*
***Рысбекова Н. Р.***, *магистрант*
*nurzadarysbekova205@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-8667-0796*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ТОПОНИМЫ, СВЯЗАННЫЕ СО СВЯТЫМИ МЕСТАМИ

*В статье анализируется большое количество сакральных топонимов и гидронимических названий, возникших стихийно в Иссык-Кульской области, к каким периодам они относятся, кем и по каким причинам. Также подчеркивается, что кыргызский народ издавно чутко относился к природе, знает и понимает, что природа и человек – неразделимое целое, и умеет использовать их в своей повседневной деятельности. Также оценивается сила символического именования по отношению к богослужению. В статье в лингвокультурологическом направлении анализируются и описываются топонимы и гидронимы, взятые из литературы регионов и считающиеся у местного населения священными.*

*Предлагаемая статья считается продолжением предыдущих работ по этой теме.*

***Ключевые слова:*** *топоним, гидроним, святыня, могила, курган, мифоним.*

***Akmatov N. R.,*** *cand. philol. sciences, associate professor,*
*e-mail: nurbek_akmatov_76@mail.ru*
*ORCID: 0009-0007-9026-573X*
***Rysbekova N. R.,*** *master's student*
*nurzadarysbekova205@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-8667-0796*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## TOPONAMES, ASSOCIATED WITH SACRED PLACES

*The article analyzes a large number of sacred toponyms and hydronymic names that arose spontaneously in the Issyk-Kul region, to which periods they belong, and for what reasons. It is also emphasized that the Kyrgyz people have long been sensitive to nature, know and understand that nature and man are an inseparable whole, and are able to use them in their daily activities. The power of symbolic naming in relation to worship is also evaluated. Finally, toponyms and hydronyms taken from the literature of the regions and considered sacred by the local population are analyzed and described in the linguistic and cultural direction. In 2006, the article "Kyrgyz toponymy - a source of information for theological studies" was published in the scientific journal "Vestnik IGU" named after K. Tynystanov. In 2018, a report was held at the international conference organized by the International Turkish Academy in Turkestan, Kazakhstan. The proposed article is considered a*

*continuation of previous reports and articles.*

***Key words:*** *toponym, hydronym, shrine, grave, construction, mythonym.*

Кыргызстанда, анын ичинде Ысык-Көл облусунда жер-сууга расмий түрдө ат берүү коомдук турмуштун кийинки өнүккөн мезгилине туура келген, ал эми стихиялык түрдө пайда болгон аталыштар байыркылыгы менен айырмаланып, узак убакытты өз ичине камтыйт да, мазмуну жактан ар түрдүү келип, жалпы саны жагынан да расмий аталыштарга салыштырмалуу алда канча көптүк кылат. Бул, албетте, диний көз караштарга, табынып-сыйынуучулукка байланыштуу символикалык ат берүүнүн күчтүүлүгүнө жараша болгон.

Кайсыл өлкөдө болсо да, жер-суу аттары белгилүү бир коом тарабынан түзүлүп, коомдун чөйрөсү тарабынан коюлат. Ошол себептен жер-суу аттарынын келип чыгышы коомдун тарыхына, социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлине жараша болгон [6, 5-6]. Алгач жер-суу аттары стихиялык мүнөздө келип чыгып, көлдөрдүн, дарыялардын, тоолордун, шаарлардын аттарында ушул түшүнүктөрдү билдирген сөз элементтери кездешкен. Аталган мүнөздө келип чыккан жер-суу аттары фонетикалык жактан улам өзгөртүлүп колдонулушу, улам бир жаңы наамда аталып кетүү жагы күчтүү болгон. Мисалга алсак, байыркы доордо Ысык-Көл, Туз-Көл, орто кылымдарда Темир-Көл деп аталганы тарыхый булактарда белгилүү.

Ысык-Көл облусундагы ыйык жерлер жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды этнограф С. М. Абрамзондун эмгегинен учуратууга болот [1; 2]. Андан соң Ч. Валиханов Ысык-Көлгө келгенде жазып алган материалдарынын негизинде, 22 жергиликтүү жер-суунун аттарынын айрымдарын чечмелөөгө аракеттенген [5]. Мисалы, Бакалы, Каркыра ж. б. Ч. Валихановдун жазганына карганда, *Бакалы* – «ак бака чыккан ыйык жер» катары баяндалган.

Академик Б. М. Юнусалиев «Манас» эпосу жөнүндө жазып келип, «Улуттук баалуулуктарга кирген: эл-жер, ата-эне, тил, ата конушу…» ж. д. у. с. белгилеп санап көрсөтөт.

Кыргыз элинде энени кандай бааласа, ыйык көрсө, тилди да, жерди жана жаратылышты, Ата мекенди да ошондой баалаган, ыйык көргөн! Эл-жерди коргоп, сактап келген! Булактын көзүн ачуу, жол салуу, көпүрө салуу сыяктуу негизги 3 парзы болгон.

Булакка сыйынуу, булактын көзүн ачуу аркылуу суу адамга өмүр тартууласа, дарак адамды ар кандай зыяндуу заттарды өзүнө сиңирип алып, кычкылтекти, болгондо да адам баласы, жан-жаныбарлар, жалпы эле жаратылышка дем алуучу затты бөлүп чыгарган касиетке ээ болгон. Андан сырткары, дарактар топурактын нымдуулугун, жер кыртышынын үстүңкү топурак катмарынын катуулугун, бекемдигин сактаган касиеттери да бар. Ал эми тотемдик түшүнүктөргө байланышкан ыйык жерлерде табияттын бир бөлүгү болгон жан-жаныбарларды сактап калуу адам баласы үчүн керектүү, баалуу экендигинен улам, ***ыйык*** деп эсептешсе керек. Демек, кыргыз эли байыркы мезгилдерден бери табиятка аяр мамиле жасап, табият менен адам ажырагыс бүтүн нерсе экендигин билип, баамдап келишкен. Аларды өз турмушундагы кеп ишмердигинде колдонушкан.

Кыргыз элинин белгилүү акыны Алыкул Осмонов «Ысык-Көлдүн ар бир кокту-колотун, капчыгайын, жер-суусун өз көзүм менен көрсөм, бул дүйнөдө арманым жок эле!» - деп, Ысык-Көл жергесинин көз жоосун алган кооздугуна бекеринен суктанбаса керек. Чындыгында, Ысык-Көлдүн жер-суулары ар бир адамды өзүнө тартып, суусунун тазалыгы, тунуктугу, дары суулары, Ысык-Көлдүн ыйыктыгы, тоолуу кооз жаратылышы өзүнчө керемет!

Жер-сууга ат коюуда кыргыз элинде стихиялык түрдө атоо номинативи орун алган. Стихиялык өңүттө жер-сууну атоо, негизинен, кыргыздардын байыркы ишенимдерине байланыштуу болгон. Байыркы мезгилдерде кыргыз эли шаман динине ишенген калктардын бири болгон. Шаманизмдин калдыктары соңку мезгилге чейин кыргыздардын ырым-жырымдарында, жер-суу аттарында, диний жөрөлгөлөрүндө колдонулуп келе жатат. Айрым учурларда шаманчылыктын элементтери мусулманчылыкка аралашып, жуурулушуп кеткен жагдайлары да байкалат. Мисалга алсак, жер-суу таюу, жаз мезгилинде жаан тилеп, курмандыкка мал чалып түлөө өткөрүү – Ысык-Көл жергесинде жылда кайталанган көрүнүш. Ошондой эле жер иштетүү үчүн арык чапканда, биринчи жолу малдын канын агызып, андан соң арыкка суу салып агызуу азыркы күндө да жергиликтүү кыргыз элинде колдонулуп жүргөндүгүнө өзүбүз күбө болуп келдик.

Кыргыздарда уруулук культ өтө татаал мүнөздө болгон. Бул жерди, тоолорду, өрөөндү, тоо мөңгүлөрүн, дарыя, булактарды жана алардын колдоочу рухтарды (же ээлерин) урматтоодон көрүнгөн. Тарыхчы-этнограф С. М. Абрамзондун жазгандарына караганда, кыргыздарда ***ээ*** деген сөздүн бир мааниси *кудай*, колдоочусу *рух* болуп саналган. Бул колдоочу рухтардын ар түрдүү категориялары бар: мазардын ээси – ыйык жайлардын колдоочусу, руху; башаттын ээси – ыйык булактын колдоочусу, руху; арашандын ээси – дары булактын колдоочу руху. Кыргыздардын түшүнүгү боюнча, адамдардын да колдоочу руху бар. Көпчүлүк убакта *ата* деген сөз «ээси», «колдоочу руху» деген мааниде колдонулат, айрыкча, ыйык нерселерге карата алганда ушундай маанини берет. Кыргыздын колдоочу рухтары (ээ, ата) алтайлыктардыкы сыяктуу эле «тигил же бул жайга: тоого, дарыяга, көлгө, аскага ээ кылынат да, жергиликтүү рухтар болуп саналат» [2, 139-б.].

Көчмөн адамдын жакын айлана-чөйрөсүндөгү объектиге табынышы кыргыздардын күндөлүк турмушунда жана жөнөкөй аң-сезиминде көбүрөөк реалдуу мааниге ээ болгон. Алардын арасында тоолор, аскалар, булактар, бадалдар, айрым дарактар ж. д. у. с. бар. Бул, баарынан мурда, тоону ыйык тутууга тиешелүү. Мисалы, В. В. Радловдун жыйнаган маалыматында бугу уруусунда Чүй дарыясынын башындагы Кунграман (Күнгүрөмө) тоосу, Көк-Суу дарыясынын боюндагы Чолпон-Ата жана Текес дарыясынын боюндагы Ала-Баш-Ата ыйык деп эсептелинет [2, 209-б.]. В. В. Радловдун текстинен бугу урууларынын табынуучу жайлары болгондугу, алардын кыштоолору менен конуштары ушул жерлерде орун алганы байкалып турат.

Кыргыздардагы ишенимдердин жоон тобу башаттар, кайнар булактар жана арашан суулар менен байланышкан. Бул жөнүндөгү баалуу маалыматтарды 19-кылымга таандык кол жазмалардан табууга болот. Анын авторлорунун бири төмөндөгүлөрдү жазат: «Белгилүү же арашан жерлер ардакталат, ал жерлерде курмандык да чалышат. Мындай ыйык туткан жерлерге: Ысык-Атадагы арашан булактар ж. б. кирет. П. П. Семенов, Алма -Арасан, Ак-Суу өзөнүндөгү минералдуу арашан, башка бир арашан Алтын-Арасан деп аталат [2, 214-б.], айланта саябалуу бак-дарактар менен курчалган, алардын арасында атайын өстүрүлгөн алмалар да бар. Булакты курчап турган дарактар ыйык тутулат, аларга ар кыл түстөгү чүпүрөктөр – жапайы таш кыргыздарынын булактын ыйыктыгына тайыган назарлери», - деп жазат [2, 215-б.].

Т. Баялиеванын жер-сууга жана жаратылышка сыйынууга байланышкан, башкача айтканда, шаманизмдин элементтери чагылдырылган «Доисламские верования и их пережитки у киргизов» деген монографиясы 1973-жылы жарыкка чыккан [4]. Ал аталган ишинде кыргыздардын мусулманчылыкка чейинки диний ишенимдеринин ар бир деталын атайын иликтөөгө алып караган.

Айрым бир байкоолорго караганда, кыргыздардын диний жөрөлгөлөрү башка да улуттун өкүлдөрүнө таасирин тийгизген өңдүү. Мисалы, булакка сыйынуу, даракка сыйынуу ж. б. жөрөлгөлөр Ысык-Көлдөгү сарт калмактарга да тиешелүү. Топонимдер белгилүү деңгээлде жергиликтүү калктын тарыхый басып өткөн жолунан кабар берет. Топонимист К. Конкобаев Түштүк Кыргызстандын аймагында *мазар* жана *ата* түгөйлөрү менен айкашып түзүлгөн ыйык жерлер кеңири тарагандыгын белгилеген [8, 89-92-бб.]. К. К. Юдахин жер-суу аттарындагы *ата* деген сөздүн маанисин «ыйык» жер деп көрсөтүп жазат [11, 78-б.]. Ысык-Көлдө *ата* элементи менен айкашкан Чолпон-Ата, Манжылы-Ата, Каракол-Ата, Тастар-Ата жана Шың-Ата (айрым маалыматтарда Ишен ата) деген ыйык жерлер учурайт. Илимде бул ат менен аталган жер-суулар мифоним катары каралып жүрөт, тактап айтканда, КТТС де *ата* сөзүнүн төмөндөгү мааниси берилет: **ата** *миф.* Мифтик түшүнүк боюнча, айрым айбандардын колдоочусу [9, 67-б.].

***Каракол ата.*** С. М. Абрамзон азыркы Каракол шаарынын жанындагы агып өткөн Каракол суусунун оң тарабындагы жерде (т. а., азыркы Жаңы-Арык айылынын түштүк батыш тарабында) «көрүстөн» бар, ал жерге Каракол атанын сөөгү коюлган деп белгилейт [1]. Жергиликтүү элде: «Каракол деген дарымчы, көптөгөн элдерди ар кандай оорулардан дарылап айыктырган, кара колдуу адам болгон», - деп аңыз кылышат. Андан сырткары, «Бул жерде булак чыгып, жанында бак өсүп чыккандыгы, булактын суусу тунук, муздак, ичсе, бир башка өзгөчөлүгү бар», - дешет.

**Ысык-Көл** – Кыргызстандагы эң ири көлдүн аты. Республиканын түндүк чыгышында жайгашкан. Күнгөй жана Тескей Ала-Тоолору менен курчалган кеңдик багыттагы кенен ойдуңдун таманын ээлеп жатат. Топонимист Д. Исаев Ысык-Көл топонимин “Гидроним сүйкүмдүүлүктү, жүрөккө жакын, суктанып, көңүл тартарлык көрүнүштү, сулуулукту билдирүүчү *ысык* сөзүнөн улам келип чыгышы объектинин табиятына толук ылайык келет жана топонимикалык ишенимдүүлүгү жагынан да абдан жүйөлүү. Ысык-Көлдү орус тилине «Прекрасное озеро» эквиваленти менен берүү толук ылайык келет”, - деп эсептейт [6, 122-123-бб.].

Байыркы түрк тилдеринде idug, азыркы сибирдик түрк элдеринде ыдык [тува], ызых [хакас], ытык [якут, саха], ыйык [кыргыз] – ыйык, керемет, азиз деген маанини берет. Демек, *Ысык-Көл* – “ыйык көл” деген мааниден келип чыккан. *Ысык-Көл* – “*ызык-көл”* деген сөздүн фонетикалык жактан өзгөрүүгө учураган түрү. Ысык-Көл жергиликтүү элдердин тилинде говордук өзгөчөлүккө байланыштуу азыркы учурда айрым адамдардын тилинде **с – з** тыбышы менен алмашылып айтылгандыгын да учуратабыз. Байыркы мезгилден бери кыргыздар жана түрк тилдеринде сүйлөгөн калктар Ысык-Көлдү булгабай, касиетине сыйынып келишкен. Ысык-Көлгө түшүшкөн эмес, колу-бетин гана жууп, тилектерин айтышкан.

Ошондуктан “Касиеттүү-Көл”, “Ыйык-Көл” түрүндөгү синонимдери менен азыркы учурда да аталып келет. Ысык-Көлгө Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк 1-курултайында курултайдын бардык катышуучулары келип сыйынышкандыгы бардыгыбызга маалым. Чындыгында, Ысык-Көлгө сыйынуу байыркы ишенимдерге туура келет.

Төмөндө Ысык-Көлдүн аймактарында калк тарабынан ыйык эсептелген жер-суу аттарына лингвомаданий багытта кыскача токтолуп өтөлү.

### Ак-Суу районундагы ыйык жерлер

**Алмалуу мазары.** Бул мазарда мал союлуп, нан жабышкан, булактан суу ичишип

суу толтурулган кудукка түшүшкөн. Кээ бирөөлөр ал жерден ак тайлакты көрүшкөн. Ал булактын кожоюну (булактын ээси) деп эсептелет [2, 215-б.].

**Жылгынды-Коо.** Жыргалаң суусунун сол жак тарабындагы коо. Бул жерде тал өсүп чыккан, жанында булак бар. Жергилктүү элде ыйык жер катары эсептелет.

**Май-Булак мазар.** Таш-Кыя айылынын түштүк жагындагы тоо боорундагы булак аты. Бул долонолуу булактын тегереги майланышып тургандыктан, «Май-Булак» деп аталыптыр. Эгер булактын жанында куран окулуп калса, булак суусу кадимкидей шылдырап көбөйө баштайт дешет. Тарых иликтөөчү Мансуров Бектур ажынын айтуусунда, жергиликтүү эл «Жер эненин ээси – ушул жер» деп эсептешет [7, 276-б.].

**Кайнар-Булак мазары.** Үч-Кайнар айылынын аймагында, Жыргалаң дарыясынын жээгиндеги жайгашкан булактын аты. Уламыштарга караганда, илгери Манас бабабыз кытай баскынчыларын кууп баратып, ушул дарыянын жээгинде бир түнөп кеткен экен. Андан кийин Семетей менен Айчүрөк да ушул жерге түнөп кетишкен дешет. Ошол күндөн ушул күнгө чейин бул жер «ыйык мазар» эсептелет [7, 275-б.].

**Көйкап мазары.** Көйкап жайлоосундагы белгилүү мазар. Мазардын төрү – жайлоо. Көйкап жайлоосу – райондогу ири жайлоо. Илгертен эле кыргыз эли бул мазарды «кайыптан жаралган, анын ээси – кайып» деп айтып келишет.

**Кан-Тоо (Кан-Теңир).** Кыргыз тилинде Кан-Теңир, монг. т. Хан Теңири. Кыргыз тилинде *теңир – зат.* **Кудай** маанисинде [9, 589-б.].

Семёнов Тянь-Шанский: «Жергиликтүү тургундар бир жак чекеси күндүн батардагы шооласына бөлөнүп, оттой жалындап кызарганына байланыштуу «Кандуу-Тоо» деп атап кеткен көрүнөт», - деп жазган [10, 214-б.].

Жергилктүү элдердин, өз көзү менен көргөндөрдүн айтуусунда, күн батарда кечки шапак менен чокунун башы өзгөчө алоолонуп, тоо башында жүгүргөн ала көбөң булут көлөкөлөрү менен кубулуп, кыпкызыл болуп кан чапчып тургандай көрүнөт экен. Чынында, Кан-Теңир тоосу мраморлуу тоо болгондуктан, күн батып бараткanda кызыл болуп көрүнгөн. Жергиликтүү элде табияттын ушул кубулушуна карата Кан-Теңир же Кантоо деп аташкан. Дагы бир версия боюнча, Кан-Теңирде көптөгөн вертолеттор кыйраган, о. э. көптөгөн альпинисттер чокуга чыгабыз деп, ар кандай себептер менен каза болгондуктан, Кан-Тоо деп аталган.

Чокунун Кандуу-Тоо атын табияттын ошол көрүнүшү менен бирге Чынгызханга алып барып такагандар да бар. Илгери Кан-Теңирдин түбүндөгү көлгө келип, Теңир-Тоого арнап курмандык чалгандар да болгон экен. Ошондой Кандуу-Тоо атын чокуну багындыруучулардын өлүмү менен байланыштыргандар да бар. Буга таянсак, мурункуларды кошпогондо, акыркы жылдардагы Кан-Теңирде болгон адам өлүмдөрүнүн өзү чокунун чынында Кандуу-Тоо атын актагандай көрүнөт [Эрнист Абдырахманов. - «Агым» гезити. 20.02.2009-жыл].

Кыргыз тилинде *Кан-Теңир* – «тоолордун каны, падышасы» дегенди туюндурат.

**Тулпар-Таш.** Ак-Суу районунун Шахты-Жыргалаң айылында Манас ата дүрбү салган «Тулпар-Таш» аталган чоң таш орун алган. Бул тууралуу мектептин тарых мугалими Ж. Абдраимованын айтымында, айыл эли үчүн бул таш − чоң сыймык. Анткени ал таштын үстүндө Манас атанын Аккуласынын издери калган деп айтылат. Таш кайсыл мезгилге таандык экени белгисиз, бирок Манас ата Аккуласы менен таштын үстүнө чыгып, дүрбү салып турганы айтылат. Таштын бийиктиги 8 метрди түзөт.

**Түп районунун ыйык жерлери**

**Алтын-Булак.** Каркырадагы бул булакта жарадар болгон жоокер жараатын ушул

булактын суусу менен жууганда, жарааты айыккан касиеттүү жер. Жергиликтүү элдер азыркы учурда да булактын жанындагы бактарга чүпүрөк байлап сыйынып турушат.

**Жылуу-Булак айылы.** Айыл тургуну Талапкер Кошкеевдин айтымында, айылда жер алдынан оргуштап чыккан Кайнар булагы бар. Булактын суусу кышкысын жылуу, ал эми жайкысын муздак болуп акчу. Алгач бул айыл токойдун атынан улам **Тегиз** деп аталган. 1924-жылы элдер отурукташып калгандан кийин **Жылуу-Булак** деп аталып баштаган. Мындан тышкары, айылда **Тешик-Таш** деп аталган дагы бир ыйык жер бар. Жергиликтүү тургундардын айтымында, бул жактагы Тешик-Таштын дагы өзүнчө сыры бар. Айрымдар бул ташты Мазар деп атап, зыярат кылып кетишет. Ал эми кээ бир тургундардын айтымында, Тешик-Таш Манас баатырдын учурунда пайда болгон. Анткени балбандар жоодон сактануу максатында таштын бетин оюп жасашкан деген пикирлер эл арсында айтылат.

**Кыз-Коргон.** Сары-Булактагы ыйык аталган бул жерде бир мезгилдерде кырк кыз хандын каарына калып, алардын бардыгы ушул жерге көмүлгөнү айтылат. Азыркы мезгилге чейин Кыз-Коргондо ар кандай үндөр угулуп турганы да жергиликтүү элде аңыз кеп катары айтылып жүрөт. Топонимдин *кыз* компоненти «кыз бала» маанисинде, экинчи *коргон* компоненти *бейит, мазар* деген сөздөрдүн синоними катарында колдонулат.

**Токтоян.** Жоокерчилик заманда туткунга түшүп калган кыргыз жигит кытайдын Ян аттуу кызын сүйүп калат. Кыз да аны жактырып, качып чыгышат. Алар азыркы Токтоян айылына качып келишкенде, артынан келген куугунчулар жигитти сабап, Янды кайра алып кетишет. Чала жан болгон жигит «Токто, Ян! Токто, Ян!» деп ачуу чаңырып ушул жерден жан берген экен. «Ошондон кийин Токтоян деп сайраган куш пайда болуп, качан гана конуштун атын Токтоян деп атап койгондон кийин, ал куш жоголуп кеткен», - дешет.

Ысык-Көлдү тегерете бугу уруусунун эли жайгашкан. Алар – негизинен, Арык, Мырзакул, Карамырза, Асан жана Токоч мырзалардан тарагандар. Карамырза менен Асан мырза Нарындагы Ала-Мышыктын тоосунан мергенчилик кылып жүрүп, мүйүздүү энени кармап келишет. Мүйүздүү эне ал кезде он алтыга чыга элек кези. Ким менин денемди биринчи жолу көрсө, ошол үйлөнүшү керек деп Карамырзага кайрылат. Карамырза ошондо: «Баламдын баласындай болгон сага кантип үйлөнмөк элем? Муну улуубуз Арык ababыз чечсин», - деген сунуш киргизет. Бул жөнүндө санжырада кеңири айтылган. Мүйүздүү эне бала-чакалуу болуп, көл өрөөнү бугу эли аталып турган кезде мүйүздүү эненин касиети кеңири оозго алынат.

Ал азыркы Токтоян айылы аталган жерге келип: «Ушул жер аян токтогон жер экен, ушул жерди жердегиле!» - деп азыркы Токтоян айылында жашаган Карамырза, Шапак жана Кудайменде уруусунун билермандарына айткан экен. Мүйүздүү эне каза болгондо да бекеринен сөөгү Токтоян айылынан небереси Кудайменденин колунан чыкпаса керек. Мүйүздүү эненин сөөгү боз үйгө коюлуп, эртеси тоону көздөй кишинин изи калып, кайып болуп кеткени, азыр ошол жерде мүйүздүү эненин мазары бар экени айтылып келет. Ал эми айылдын аталышы аян түшкөн, кут түшкөн жер деп эсептелгендиктен, «Токто аян» деп аталып жүрүп, учурда Токтоян деп айтылып калган.

Мүйүздүү эненин ошол кездеги айтканы: «Токтоян – аян токтогон жер. Бул айылдан Карамырзанын жолун жолдогон, кудайдын куштарынын тилин билген мүнүшкөрлөр, саяпкерлер жана "эр тайын тартат" дегендей, эл бийлеген жээндери чыгат». Мындан улам, жергиликтүү эл баатырлар, аалымдар жана кыргыз элинин керегине жараган азамат уул-кыздар чыгат», - деген.

**Жети-Өгүз районунун ыйык жер-суу аттары**

**Аккочкор.** 1. Кудайга жалынып кочкор союлгандан кийин, канал казганда сугарылбай келген жерлерге суу чыккан *(Мамбетакунов Динил, ак-кочкорлук, 2002-жыл).*

2. Жерге суу чыкпагандыктан, ак кочкорду курмандыкка чалышкан. Ошондон кийин гана арыктагы суулар өз нугу менен агып, жерлерди сугарышкан. Ошондон айыл Аккочкор аталган. *(Исаева Аймээримдин баяндоосунда, ак-кочкорлук, 2-курс. ЫМУнун студенти, 2015-жыл).*

3. Көзгө аккочкор көрүнгөн касиеттүү жер деп ошондон аталган *(Батырканов Узакбай, 1926-ж. туулган, кой баккан, бирназар уругунан, данияр уулу).*

**Аюу-Булак.** Тээ тетиги жайдак төштүн дал үстүн «Бөйрөк» дешет, тоо ичинде өмүр күнүн өткөрүп жаткан эл. Кырды бойлоп жогорула. Тегерегиң төп, алаканыңа салынат. Жашыл шибер, кышка чейин көйкөлүп, шыңга бойлуу карагайлар булут челип, жигерденишет. Кулакка жагымдуу шыңгыр үн угулат.

Ал – Аюу-Булак. Жоон түп карагайдын тамырын жарып чыгат. Мончоктолгон көбүктөрүн көгөргөн тулаңга бүркүп, ылдый карай эңиштейт.

Андан бери миңдеген жылдар аскадан улап, күкүмдөлдү. Ошол кездерде ушул тарапта аюулар аябагандай көп жашаган. Мамалактарын чоңойтушуп, чөп гүлдөрүн терип жеп, шылдыраган булактан суу ичишип, жээгинде серүүндөшкөн. Кичинекей тил алчаак мамалактар кырдан ойго тоголонуп, ойдон кырга мөдүрөндөшүп ойношкон. Карагайдын каз тамандуу бутагына асылып жогору чыгышып, тобурчак менен бири-бирин ургулашып чатакташкан. Ал чатактар узакка созулган эмес. Күрсүлдөгөн ата-энелери тыйып коюшчу.

Аюулар булактын суусунан эч бир башка жандыкка ичиришпейт. Алар жыл сайын көбөйө беришет. Булактын суусу жетишпей калат.

Бир күнү аюулар кеңеш курушат. Булактын суусун көбөйтүү үчүн жаратылыштан булут болуп, көп жаан жаадырууну тилешет. Жаратылыш аюулардын тилегин орундатат. Баарын булутка айландырып жиберет. Ошол күндөн ушул күнгө чейин булак ээн. Баягысындай шылдыр-шылдыр. Булактын «ээси» бар. Ал күнүнө түшкө маал булактын үстүнө келип, көзү талыганча тиктеп туруп, анан кетип калат. [Автордун баяндоосунда: «Мен күнүнө түшкө маал булактын жанына барам да, асманга пайда болгон түрмөк-түрмөк ак булуттарга көз жиберем. Чындыгында эле, булуттар түрмөктөлүп, аюуга окшоп калышат да, булактын шылдырап аккан үнүн тыңшайт. *(Болуш Керимбаев. Жети-Өгүз курорту. Аюу-Булак. / Кыргызстан маданияты. №38 [193]. 16-сентябрь. 1970-жыл. 8-бет.).*

**Дүңгүрөмө.** Барскоон капчыгайындагы Дүңгүрөмө тоосу ыйык тоо болуп саналат. Ушул кыштакта турган Т. Айтбаевдин айтуусуна караганда, жергиликтүү эл ыйык деп эсептешип, ал жерге зыяратка барышкан, курмандык-назар тайышкан. Тоодо ашуу бар, андан суунун шары адамдын сүйлөшкөнүндөй болуп, ал эми жумага караган түнү баланын ыйлаганы угулуп турган. Ыйык тоодон коркуп сестенишсе да, адамдар ага барганын уланта беришкен [2, 209-210-бб.].

**Жалгыз-Өрүк.** Айылдын үстүңкү тоо тарабында, тоо боорунда бир түп жалгыз өрүк өсүп, ал касиеттүү болгон. СССР убагында айылга колхоз уюштурулуп, «Талап» колхозу пайда болгон. Колхоз уюшулганда айылга орус улутунун өкүлдөрү келе башташкан. Ошол маалда алар жалгыз өрүктү отун катары кыйып алышкан. Уламыштарга ылайык, өрүк багын кыярда жергиликтүүлөр анын касиеттүүлүгүн айтышат. Бирок ага ишенбегендер өрүктү кыя башташат. Бакты кыйган учурда бактан кан чыгып, аны кыюуга аракет кылган адам ошол жерден жан берген. Башкалар өрүктү кыюуга аракет кылганда, бак кыйылбай, жарым-жартылай сынып калган.

Жергиликтүүлөр белгилегендей, мындай окуялар көп болгон. Айылда мурда жашап өткөн Зуура апанын айтымында, аталган өрүк багынын жанында ак төө оттоп

жүрчү. Ал төө өрүк багынын ээси деп эсептелинген. Касиеттүү өрүк багынан улам, Жалгыз-Өрүк аталып калган *(айыл тургундарынын маалыматында. 13.01.2016-жыл).*

**Сетер (азыркы Сарыбай кыштоосу)**. Ак-Шыйрак капчыгайындагы жаздоо, кыштоо жерлердин жана суунун аты [Карта. Масштаб 1: 50000]. Кыргыз тилинде *сетер* деп курмандыкка чалынган мал айтылат. Жергиликтүү сырттыктарда бул жер ыйык жер болуп эсептелинет. Мусулманчылыкка тиешелүү келип чыккан.

**Тоң районунун ыйык жерлери**

**Ак-Терек (Кызыл-Туу) айылы.** Эр Табылды баатыр жарадар болуп, Ак-Теректеги жалгыз мазар теректин түбүнө жатып эс алып, жараатын таңып кетет. Улуу муундагы адамдардын айтымына караганда, Эр Табылды баатырдын каны ошол теректин түбүнө тамган экен. Ошол себептен мазар теректен кан тамып, Ак-Терек деп аталып калган дешет *(Бейшекеева Элзаттын айтуусунда, 2014-жыл, ЫМУнун 1-курсунун студенти.).*

**Кара-Чекенди.** «Тоңдо төрт дарак өскөн. Ал жерге төрт киши келет. Алар даракты араалайлыкпы же араалабай эле коёлубу? - дешип талаша кетишет. Үч киши жыгып салалы дешсе, бирөөсү макул болбойт. Ошондо талдарды үчөөлөп жыга башташат. Биринчи даракты жыкканда, кан чыгат, экинчисин кыйганда, сүт чыгат, ал эми үчүнчүсүн кыйганда жылан чыгат. Ал үчөөнө жармашат да, аларды өлтүрөт. Ал эми төртүнчүсү өзүн аман алып калат. Ошондон айыл Кара-Чекенди аталат.

**Кулгуна**. Кулгуна топоним катары Тоң аймагында жердин аты катары учурайт. Кыргыз тилинде «кулгуна» – *зат*. моюн бездери жарылып чыккан жугуштуу жара [9, 359-б.]. Кулгуна жергиликтүү элде ыйык жер эсептелет.

**Кырк-Шейит.** Топонимдеги аныктооч *кырк* түгөйү кырк сан маанисинде, ал эми аныкталгыч *шейит* түгөйү кыргыз тилинде – *зат*. дин. мусулман дини үчүн болгон казатта киши колдуу болуп өлүм тапкан динчил [9, 730-б.]. *Шейит* деген сөз 1916-жылдагы улуттук боштондук күрөш мезгилинде курман болгон кырк жигиттин курман болгондугуна байланыштуу келип чыккан. Бул жер мусулманчылыкка байланыштуу ыйык жер катары эсептелет. Жергиликтүү элдер Кырк-Шейиттен өтүп баратканда, сөзсүз токтоп, куран (дуба) окуп, андан кийин жолун улантышат.

Кырк Шейит тууралуу Малик Үмөр Кетиркейдин (Кырк Шейит: Үркүн – 1916-ж. - Бишкек, 2010. -21-28-беттеринде) китепчесинде далилдүү тарыхый баяны орун алган.

**Манжылы.** 1.Манжылы деген дарымчы киши болот. Ал көптөгөн элдерди дарылап турган. Анын көзү өткөндө, аны ушул жерге коюшкан. Ыйык киши коюлган жерге оорулуу адамдар келип сыйынышкан. Бул жерге эл дарыланганы көп келишкен.

2. Бул жерде Манжылы деген дарыгер жашап өткөн. Күнү бүтүп, кайтыш болгондо, ушул жерге коюлган. 18-19-кылымдарда Көбөк дубана деген Манжылы атага мечит курган дешет. Майтык деген дубана от жагып адамдарды, жин оорусу менен ооругандарды дарылаган. Эл арыз-муңун айтып бара беришкен.

2. Манасчы Мамбет Чокмор уулунун айтуусуна караганда, Жакып менен Чыйырды көп жылдар бала көрбөй ушул жерге келип дартын айтып, бата алышкан. Манжылыга сыйынышкандан кийин, алар бала көрүшкөн. Бул жайга ошондон кийин ден соолук, бала тилеп баргандардын саны көп болгон.

3. Манжылыда 7 мазар булак бар. Жети булактын суусу жети башка даамданып чыгат. Алар: Манжылы-Булак, Кырк чилтен, Мойт аке-Булак, Бугу-Эне - Булак, Умай-Эне, Илимбала, Кырк баатыр.

**Тастар-Ата.** 1. Тастар ата – «Таштардын үймөгү, жыйындысы» деп түшүндүрүлөт. 2. Тастар ата (Ысык-Көл жана Чүй өрөөндөрүндө) – жер аты. Тимурдун мезгилинде «тастар» деп сарайдагы казан-аяктарды караган кишиге карата айтылган. «Тас» – иран тилинен которгондо «кесе, суу куйган идиш», «таштак» дегенди билдирет [7, 162-б.].

**Ысык-Көл районунун ыйык жерлери**

**Дулдул-Тоо.** Кичи-Өрүктү айылындагы тоонун аты. Бул тоого чөп чыкпайт. Жергиликтүү элде пайгамбардын тулпары оттогон жер деген аңыз кеп айтылып, ыйык жер катары сыйынышат. Кыргыз тилинде **Дулдул** *зат*. 1. Тулпар, талбаган күлүк [9, 162-б.].

**Чолпон-Ата.** Чолпон ата атактуу жылдыз санагыч жана касиеттүү дарыгер болгон. Анын жашаган доору белгисиз жана ал тууралуу маалыматтар так эмес. Ал жөнүндө эл арасында айтылып жүргөн уламыштар гана бар. Ал уламыштарга ылайык, Чолпон ата деген олуя мындан он кылым мурда жарык дүйнөгө келген. Ал олуя өмүр сүргөн жылдары касиетүү көгүлтүр көлдүн айланасы чытырман токой, түздүгүн калың камыш, бадалдар каптап жатчу экен.

Чолпон атанын азан чакырылып коюлган аты – Мырзагул, атасынын аты Осмон болгон. Орус окумуштуусу В. В. Бартольд 1893-94-жылдары көлдү кыдырып, Чолпон ата тууралсындагы уламышты уккан. Анын жазгандарына караганда, Чолпон ата жөнүндө «дарыгер» (лекарь) «жылдыз санагыч» (звездочет) деп белгиленет. Чолпон ата жаратылышка жакын болуп, чөптөрдү, гүлдөрдү айырмалап таанып, дарылык касиетин билген. Андан сырткары, таң атканча кирпик какпай жылдыздарды санап, жылдыздардын жолун, жайгашкан ордун аныктаган. Таң Чолпон жылдызы чыкканча жылдыздарга байкоо салып, анын негизинде, жер үстүндө боло турган кубулуштарды так айтып берген касиетке ээ болгон. Чолпон жылдызы менен сырдашып сүйлөшөт деп эл ага Чолпон ата ысмын ыйгарган.

Жыйынтыктап айтканда, Совет доорунда аз изилденген, жергиликтүү калктын ишенимдерине байланыштуу сакралдык мааниден келип чыккан жер-суу аттары да региондо көп санда экендигин белгилөө менен, аларды келечекте дагы жыйнап-чогултуу жана терең анализге алуу аркылуу ар тараптуу изилдеп-иликтөө иштери алдыда деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**

1. Абрамзон, С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С. М. Абрамзон. - Фрунзе: Кыргызстан, 1990. - С. 320-321.

2. Абрамзон, С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / С. М. Абрамзон. - Бишкек: “Кыргызстан - Сорос” фонду, 1999. - 896 б.

3. Бартольд, В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер [Текст] / В. В. Бартольд. - Бишкек: Айбек, 1997. - 456 б.

4. Баялиева, Т. Доисламские верования и их пережитки у киргизов [Текст] / Т. Баялиева. - Фрунзе,1973.

5. Валиханов, Ч. Избранные произведения [Текст] / Ч. Валиханов. - Алматы: Казахское государственное издательство художественной литературы, 1958. - С. 236-257.

6. Исаев, Д. Жер-суу аттарынын сыры [Текст] / Д. Исаев. - Фрунзе: Мектеп, 1977. - 152 б.

7. Касиеттүү Ысык-Көл жыйнагы [Текст]. - Бишкек, 2015. - 269-276-бб.

8. Конкобаев, К. Топонимия Южной Киргизии [Текст] / К. Конкобаев. - Фрунзе: Илим, 1980. - С. 172.

9. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС) [Текст]. - Фрунзе, 1969. - 775 б.

10. Семёнов-Тянь-Шанский, П. П. Путешествие в Тянь-Шань [Текст] / П. П. Семёнов-Тянь-Шанский. - М.: 1946. - С. 214.

11. Юдахин, К. К. Кыргызча-орусча сөздүк / К. К. Юдахин. - М.: Советская энциклопедия, 1965. - 975 б.